DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2019

***МЕДИЦИНА ИЛИМДЕРИ***

***МЕДИЦИНСКИЕ НАУКИ***

***MEDICAL SCIENCES***

*Шериева Н.Ж.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУ БОЮНЧА ДЕН СООЛУГУНАН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛҮҮ АДАМДАРДЫ МЕДИЦИНАЛЫК РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО

*Шериева Н.Ж.*

# МЕДИЦИНСКАЯ РЕАБИЛИТАЦИЯ ЛИЦ С ОГРАНИЧЕННЫМИ ВОЗМОЖНОСТЯМИ ЗДОРОВЬЯ ПО ОШСКОЙ ОБЛАСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*N.Zh. Sherieva*

# MEDICAL REHABILITATION OF PERSONS WITH DISABILITIES IN OSH REGION OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 316.65:364 (575.2)(04)*

*Кыргыз Республикасында жылдан-жылга ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын саны өсүп барат. Алсак, 2010-жылы 133 миң адам болсо, ал көрсөткүч 2014-жылдын 1-январына карата 155 688 адамды түзгөн. 2018 жылы Кыргызстанда 178 751 ДМЧА жашайт жана алардын 6,1% ы – медициналык текшерүүдөн биринчи жолу өтүп жана ДМЧА деп таанылган [1]. Кыргызстан боюнча 100 миңден ашык адам майыптуулук боюнча жөлөк пул алат. Майыптуулук боюнча бардык пенсионерлер 106 миң адамды түзөт. Алардын жарымына жакыны – 48 миңи аялдар. Алардын ичинен 1-топ боюнча 9 миң пенсионер, 2-топ боюнча 76 миң адам, 3-топ боюнча 21 миң адам жөлөк пул алат. Ай сайын аларга 360 млн сом төлөнөт, жылына алардын жөлөк пулун төлөөгө кеткен каражат 4 млрд сомду түзөт. Майыптуулук боюнча жөлөк пулдун орточо көлөмү 4 миң 400 сом. Ден соолукту чыңдоо, ооруларды алдын алуу, майыптыкты калыбына келтирүү азыркы мезгилдеги саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан коргоо тармагынын негизги милдеттери болуп эсептелет [2].*

***Негизги сөздөр:*** *майыптуулук, ден соолук, саламаттык сактоо, жөлөк пул, медициналык реабилитация, социалдык коргоо.*

*С каждым годом в Кыргызской Республике наблюдается рост людей с ограниченными возможностями. Например, в 2010 году 133 тысяч человек, и по состоянию на 1 января 2014 составил 155 688 человек. В 2018 году, 178 751 ЛОВЗ из них 6,1% признаны первичными ЛОВЗ. В Кыргызстане более 100 тысяч человек получают пособие по инвалидности. 106 тысяч человек получают пособие по инвалидности. Около половины из них женщин – 48 тыс. Из них 1 группа составляет 9 тысяч, 2 группа 76 тысяча, 3 граппа 21тысяч. Из Государственного бюджета на их пособие ежемесячно уходит 360 миллион сомов, которые в год составляет 4 млрд сомов. Размер пособия по инвалидности в среднем составляет 4 тысячи 400 сомов [1]. Пропаганда здорового образа жизни, профилактики заболеваний и реабилитации инвалидов явлется основными задачами овременной медицинской помощи и социальной защиты населения [2].*

***Ключевые слова:*** *инвалидность, здоровье, здравоохранение, пособие, медицинская реабилитация, социальная защита.*

*Every year in the Kyrgyz Republic there is an increase in people with disabilities. For example, in 2010, 133 thousand people, and as of January 1, 2014 amounted to 155 688 people. In 2018, 178 751 PWDs, of which 6.1% were recognized as primary PWDs. In Kyrgyzstan, more than 100 thousand people receive disability benefits. 106 thousand people receive disability benefits. About half of them are women - 48 thousand. Of these, 1 group is 9 thousand, 2 group 76 thousand, 3 grappa 21 thousand. 360 million soms, which amounts to 4 billion soms per year, are allocated from the State budget for their allowance. The average disability benefit is 4,400 soms [1]. The promotion of a healthy lifestyle, disease prevention and rehabilitation of persons with disabilities is the main tasks of modern medical care and social protection of the population [2].*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2019

***Key words***: *disability, health, healthcare, allowance, medical rehabilitation, social protection.*

**Изилдөөнүн максаты жана милдети**

Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы майыптардын медициналык реабилитациялоочу кызматтардын иштерин жандандыруу. Майыптуулук көрсөткүчтөрүнүн абалын изилдеп саресеп жасоо (анализдөө).

**Изилдөөнүн уюштурулушу жана ыкмасы**

Илимий жумуш - Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы майыптарды медициналык реабилитациялоо боюнча талдоо жүргүзүп, статистикалык ыкмалар колдонулду.

**Талкулоо:** Кыргыз Республикасынын Ош облусу боюнча ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды медициналык реабилитациялоо.

Издөө мезгилиндеги 2015-2016-2017-2018-жылдарда Ош облусу боюнча ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын саны өскөндүгү байкалып, ошону менен бирге эле медициналык реабилитациядан өткөрүлгөн майыптардын саны да көбөйгөн.

2015-жылы аймактар аралык салыштырганда пайыздык көрсөткүчү эң төмөн болгон Алай ( 824), 570 - майып катталган Чоң-Алай райондорунда бир дагы майып адам медициналык реабилитация алган эмес. Ушул эле мезгилде Араван районундагы 1861 майыптан болгону 52си реабилитациядан өткөн. Кара-Кулжа району боюнча жалпы 979 майыптуулугу бар жарандардан 12си гана реабилитациядан өткөн [3]. Кара-Суу району боюнча жалпы реабилитацияланган чоң адамдар 65,8%ды түзгөн. Бул көрсөткүч Ноокат районунда 10,8%, Өзгөн районунда 44,8% га туура келген. Жалпы 2015-жылы 18 жаштан жогорку 13480 майыптын 4170 и реабилитациядан өтүп 30,9% ды түзгөн (1-таблица).

*1-таблица.*

**Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы майыптардын медициналык реабилитацияланышы (2015-2018 жылдар. чоңдор абс. саны)**

| Райондор | Жылдары | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2015 | | 2016 | | 2017 | | 2018 | |
| | Майыптардын саны | Реабил өткөнү | Майыптардын саны | Реабил өткөнү | Майыптардын саны | Реабил өткөнү | Майыптардын саны | Реабил өткөнү |
| Алай | 824 | 0 | 930 | 231 | 1250 | 279 | 1438 | 304 |
| Араван | 1861 | 52 | 1905 | 25 | 1988 | 18 | 2058 | 34 |
| Каракулжа | 979 | 12 | 940 | 22 | 968 | 16 | 1008 | 6 |
| Карасуу | 3856 | 2541 | 3929 | 2937 | 3965 | 3336 | 4038 | 3300 |
| Ноокат | 2586 | 280 | 2694 | 353 | 2847 | 469 | 2784 | 557 |
| Өзгөн | 2804 | 1285 | 2988 | 1072 | 3103 | 1153 | 3160 | 1551 |
| Чоң Алай | 570 | 0 | 578 | 0 | 579 | 438 | 549 | 274 |
| **Ош облусу** | **13480** | **4170** | **13964** | **4640** | **14700** | **5709** | **15035** | **6026** |

Реабилитациядан өткөн майыптар 2016-жылы 33,2% ды түзүп 2015-жылга салыштырмалуу 2,1% га өскөн. Алсак, 2016-жылы Алайда-231, Араванда-25, Кара-Кулжада-22, Кара-Сууда-2937, Ноокатта-353, Өзгөндө-1072 майыптуулугу менен катталган адамдар медициналык реабилитациядан өткөрүлгөн.

2017-жылы Ош облусу боюнча 14700 ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар катталып, алардын ичинен 5709 жаран медициналык реабилитациялоодон өткөрүлгөн. Көрсөткүчү төмөн болгон Чоң-алай районунда үч жылдын ичинде медициналык реабилитациялык жардам алгандардын саны 0 дон 279 га жеткен. Бул көрсөткүч Чоң-Алай районунда 438ге жетип облустун жалпы көрсөткүчүнүн 7,6%ын түзгөн. Реабилитациялангандардын саны Кара-Суу районунда - 3336 болуп, 2015-жылга салыштырмалуу 795 кишиге көбөйгөн б.а 65,8% дан 84,1% га жогорулаган. Араван району боюнча 1988 майыптан 18и реабилитациядан өткөрүлүп өткөн жылдарына (2015) салыштырмалуу 2017-жылы пайыздык көрсөткүчү эң төмөн бойдон калган 1-таблица [4].

2018-жылы облус боюнча 15035 майыптуулугу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



бар чоң кишилерден 6026сы медициналык реабилитациядан өткөрүлгөн. Алардын ичинен Кара-Суу - 53,4%, 27,2% Өзгөн, 9%-Ноокат, 5% Чоң-Алай райондору түзгөн.

*Изилдөө мезгилиндеги 2015-2016-2017-2018-жылдарда Ош облусу боюнча ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү чоң адамдардын медициналык реабилитациядан өткөнү жалпы майыптардын 40% түзгөн.*

*Демек майыптуулукту азайтуу боюнча жүргүзүлгөн медициналык реабилитация Ош облусунда жеткиликтүү деңгээлде жүргүзүлгөн эмес деген деген корутунду чыгарууга болот. Чон-Алай, Араван жана Кара-Кулжа райондорунда медициналык реабилитациялоочу борборлорду ачуу жана керектүү адистер менен камсыздоо зарыл.*

Республиканын Ош облусундагы ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген жаш балдардын медициналык реабилитацияланышы 2-таблицада берилген. Таблицада көрүнүп тургандай 2015-2016-жылдарда майыптуулугу менен жаш балдардын облус боюнча 2724 төн 2911 ге өсүп, анын ичинен реабилитациядан өткөнү (2015-1385, 2016-1226) 59 балага азайган. Райондук деңгээлде караганда төмөндөө динамикасы Өзгөн районунда байкалып турат. Жалпылап айтканда баардык майыптуулугу бар жаш балдардын 2015-жылы 47,1%, ал эми 2016-жылы 42,1% реабилитациядан өткөн [5].

207-жылы Ноокат, Кара-Кулжа, Алай райондорунда майып жаш балдарды реабилитациялоо төмөндөп, Чоң-Алай районунда 0-дөн 168 ге, Карасууда 674 төн 833 кө, Ноокатта 125 тен 160 ка өскөндүгү 2-таблицада көрүнүп турат. Ош облусу боюнча майыптардын медициналык реабилитациялоодон өтүшү 2018-жылы 1532 жаран болуп, жалпы майыптардын 66,7% түзгөн.

*2-таблица*

**Ош облусундагы майыптардын медициналык реабилитацияланышы (2015-2018 жылдар. жаш балдар абс. саны)**

| Райондор | Жылдары | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2015 | | 2016 | | 2017 | | 2018 | |
| | Майыптардын саны | Реабил өткөнү | Майыптардын саны | Реабил өткөнү | Майыптардын саны | Реабил өткөнү | Майыптардын саны | Реабил өткөнү |
| Алай | 90 | 42 | 176 | 90 | 249 | 44 | 96 | 56 |
| Араван | 784 | 2 | 813 | 0 | 860 | 0 | 0 | 0 |
| Каракулжа | 253 | 37 | 241 | 39 | 223 | 37 | 176 | 39 |
| Карасуу | 835 | 687 | 833 | 674 | 955 | 833 | 928 | 784 |
| Ноокат | 223 | 120 | 317 | 125 | 254 | 160 | 317 | 183 |
| Өзгөн | 539 | 397 | 531 | 298 | 567 | 204 | 635 | 331 |
| Чоң Алай | 0 | 0 | 0 | 0 | 198 | 168 | 143 | 139 |
| **Ош облусу** | **2724** | **1285** | **2911** | **1226** | **3306** | **1446** | **2295** | **1532** |

*Жыйынтыктап айтканда райондук деңгээлдеги медициналык реабилитациялоочу уюмдардын майыптуулукту алдын алуу жана дарылоо боюнча иштери төмөн, ошол себептен Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы майыптарды медициналык реабилитациялоочу тармактарды кеңейтүү керек жана реабилитациялоочу мекемелердин ишмердүүлүктөрүн жандандыруу зарыл.*

Майыптардын техникалык каражаттар менен камсыз болуусу 2015-2018-жылдарга Ош шаары жана Ош облусу боюнча изилденди.

Изилдөө жүргүзүлгөн мезгилдерде майыптардын техникалык каражаттар менен камсыз болушу Ош шаарында 2015-жылы 757 ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга сунуш берилип анын 424 тү аткарылган. Анын ичинен 9 адамга коляска берүү сунушталып 100% (9) камсыздалган. Көрүү, угуу жана башка органдарына түрдүү протездер боюнча 600 сунуш берилип, анын ичинен 415и аткарылып 69,1% ды түзгөн (3-таблица).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*3-таблица*

**Ош шаарындагы майыптардын техникалык каражаттар менен камсыздалуусу (2015-2018 жылдар. сан менен)**

| Сунуш/ аткарылышы | | Техникалык каражаттар менен камсыздоо боюнча кеңештер | Анын ичинен коляска алуу боюнча кеңештер | Протездөөгө | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|
| 2015 | Сунушталган | 757 | 9 | 600 | 1357 |
| | аткарылганы | 424 | 9 | 415 | 839 |
| 2016 | Сунушталган | 621 | 22 | 580 | 1201 |
| | аткарылганы | 472 | 22 | 450 | 922 |
| 2017 | Сунушталган | 643 | 36 | 690 | 1333 |
| | аткарылганы | 483 | 36 | 447 | 930 |
| 2018 | Сунушталган | 654 | 47 | 570 | 1224 |
| | аткарылганы | 440 | 41 | 399 | 839 |
| Жалпы | Сунушталган | 2675 | 114 | 2440 | 5115 |
| | аткарылганы | 1819 | 108 | 1711 | 3530 |

2016-жылы Ош шаары боюнча 22 майып коляска алса 580 адамга сунуш берилип 450 майып протез алышкан тактап айтканда 77,5%ды түзгөн. Бул көрсөткүч 2015-жылга салыштырганда 8,4% жогору болду.

2017-жылы Ош шаарында 643 майыптуулугу бар адамдарга техникалык каражаттар менен камсыздоо сунушталып анын 447 си протез жана 36 сы коляска менен камсыздалып, 75,1% ды түзгөн [6].

2018-жылы протездөө боюнча сунушталган 570 тин 399 у аткарылган. 47 коляскага муктаждыгы бар адамдан 41 камсыз болгон. Ош шаары боюнча 2018 жылы жалпы 654 майыпка кенеш берилип 440 кы түрдүү техникалык каражаттар менен камсыз болуп 67,2% ды түзгөн.

Кыргызстандын экинчи борбору статуска ээ болгон Ош шаарында 2015-2018-жылдары 2675ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандарга сунуш берилип 1819 майып техникалык каражаттар менен камсыз болгон. Алардын ичинен I топтогу 108 майыпка коляска II чи жана жана III чү топтогу майыптарга ар түрдүү протездер берилген.

Ош облусунда 2015-жылы 785 тен 77си; 2016-жылы 242 ден-129 у; 2017-жылы 307 ден 213чү; 2018-жылы 188 ден 123 чү ар түрдүү протездер алып жалпы изилденген төрт жылда 922 сунуштан 542си аткарылып 58,7% ды түзгөн (4-таблица).

*4-таблица.*

**Ош облусундагы майыптардын техникалык каражаттар менен камсыздалуусу (2015-2018 жылдары сан менен)**

| Сунуш/ аткарылышы | | Техникалык каражаттар менен камсыздоо боюнча кеңештер | Анын ичинен коляска алуу боюнча кеңештер | Протез-дөөгө | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|
| 2015 | Сунушталган | 301 | 116 | 185 | 486 |
| | аткарылганы | 136 | 59 | 77 | 213 |
| 2016 | Сунушталган | 308 | 66 | 242 | 550 |
| | аткарылганы | 179 | 50 | 129 | 308 |
| 2017 | Сунушталган | 433 | 126 | 307 | 740 |
| | аткарылганы | 294 | 81 | 213 | 507 |
| 2018 | Сунушталган | 290 | 102 | 188 | 478 |
| | аткарылганы | 198 | 75 | 123 | 321 |

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы | Сунушталган | 1332 | 410 | 922 | 2254 |
| | аткарылганы | 807 | 265 | 542 | 1349 |

Коляска алуу боюнча берилген сунуштан 2015 – 116 дан 59у, 2016–66дан 50, 2017–126дан 81, 2018–102ден - 75 майып коляска алып, төрт жылда жалпы коляскага муктаждыктар боюнча берилген 410 сунуштан 265 жаран алып 64,6% ды түзгөн.

Майыптардын техникалык каражаттар менен камсыздалуусунун Ош облусу менен Ош шаарынын төрт жылдык көрсөткүчүн салыштырганда өтө чоң айырмачылык 1-сүрөттө көрүнүп турат.

2015-жылы Ош облусунда жалпы 13480 майыптан 301не протез жана коляска алуу боюнча сунуш берилип анын ичинен 136сы аткарылган. Ушул эле мезгилде 4265 майыптан 757 сине сунуш берилип 424тү аткарылган.

2016-жылы облуста майыптардын саны 13964 тү түзүп 308сине техникалык каражат берүү сунушу айтылып 179у аткарылган. Ал эми Ош шаарында жалпы 4327ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын 621не сунуш берилип 472си аткарылган. 2017-жылы Ош шаарында 654 майыпка протез алуу боюнча сунушталып 483чү аткарылса бул көрсөткүч облуста 433-294 тү түзгөн. Ал эми 2018-жылы облус боюнча 290 жаранга сунуш берилип 198 и аткарылса, Ош шаары боюнча 654 майыпка түрдүү техникалык каражат алуу сунушталып 440 адам камсыз болгон.




**1-сүрөт**

*Демек майыптарды техникалык каражат менен камсыздоо облуска караганда Ош шаарында бир топ жакшы жолго коюлган. Мунун себеби Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык маселелер боюнча министрлигинин Ош облусундагы социалдык жардам кызматын аткарган бөлүмдүн 2010-жылдын 1-январындагы жоюлушу менен түшүндүрөт.*

*Мындан, Ош шаардык социалдык коргоо бөлүмү майыптарга ар тараптан колдоо көрсөткөн социалдык - реабилитациялоо кызматын күчөтүп, Ош облусундагы социалдык-коргоо кызматынын ишин жандандырып, райондордогу социалдык коргоо иштерин*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*күчөтүү зарыл деген корутунду чыгарууга болот.*

Майыптардын ден соолугунун турукташуу жана оорлошуу көрсөткүчтөрү рабилитациялык иш чараларды канчалык деңгээлдеги натыйжалуулугун күбөлөндүрүп турат. 2015-106, 2016-72, 2017-135, 2018-36 I топтогу майыптар толук реабилитациядан өтүшкөн. Бул көрсөткүч изилденген төрт жыл ичинде 106 дан 36 га төмөндөгөнү 16-таблицада көрүнүп турат.

*5-таблица*

**Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы майыптуулукту реабилитациялоонун натыйжалуулугу, турукташуусу жана оорлошуусу 2015-2018 жылдарга (чоңдор. абс. саны)**

| Негизги көрсөткүчтөр | Жылдар | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
| I топтогу майыптардын реабилитацияланышы | 106 | 72 | 135 | 36 |
| II- III топтогу майыптардын реабилитацияланышы | 173 | 171 | 144 | 92 |
| I топтогу майыптардын оорлошуусу | 67 | 43 | 32 | 22 |
| II- III топтогу майыптардын оорлошуусу | 29 | 54 | 40 | 38 |

II-III топтогу майыптардын реабилитацияланышы 2015тен 2018-жылга чейин 81 кишиге же 53,1%га азайган. Ошол учурда I топтогу майыптардын оорлошуусу 67 ден 22 ге төмөндөгөн. Ал эми II-III топтогу майыптардын саны 29 дан 38 ге өскөнү байкалган.

*Бул көрсөткүчтөр майыптардын реабилитацияланууусу толук кандуу ишке ашпай жаткандыгын айгинелеп турат. Демек Ош облусундагы майыптарга жасалган реабилитациялык иш чаралардын сапаты төмөн денгээлде дегенди түшүндүрөт.*

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын акыйкатчысынын жылдык доклады, ошондой эле, КРнын Акыйкатчысынын 2014-жылдагы ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары боюнча атайын доклады.
2. Журнал “Здоровье населения и деятельность организаций здравоохранения Кыргызской Республики”, Республиканский медико-информационный центр МЗКР Бишкек-2018.
3. Журнал “Здоровье населения и деятельность организаций здравоохранения Кыргызской Республики”, Республиканский медико-информационный центр МЗКР Бишкек-2017.
4. Журнал “Здоровье населения и деятельность организаций здравоохранения Кыргызской Республики”, Республиканский медико-информационный центр МЗКР Бишкек-2016.
5. Журнал “Здоровье населения и деятельность организаций здравоохранения Кыргызской Республики”, Республиканский медико-информационный центр МЗКР Бишкек-2015.
6. П.Трапман “Майыптуулук маселеси боюнча колдонмо”, Бишкек-2007”.